**«БЕКИТЕМИН»**
Жалал-Абад мамлекеттик
университетинин ректору, техника
илимдеринин доктору, профессор
**К.Ж.Усенов** ________________
«_10_»_______06_______ 2020-ж.

Халилова Турдугүл Ташполотовнанын “Жогорку класстарда кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуунун дидактикалык негиздери” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

**Р А С М И Й  П И К И Р И**

1. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Диссертацияда изилдөөнүн актуалдуулугу туура коюлуп, анда кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуу аркылуу кыргыз тилин өнүктүрүп, өркүндөтүүгө боло тургандыгы баса белгиленген. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп кыргыз тили эсептелет. Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынып, колдонулуп жаткандыгына отуз жылдан ашык убакыт болду. Бирок тил мыйзамында көрсөтүлгөн максат менен милдеттерди ишке ашырууга карата мамлекеттик деңгээлде бир катар иш-аракеттер жүргүзүлүп жатса да кыргыз тили мамлекеттик тил катары коомдун бардык чөйрөлөрүн бирдей тейлөөгө жетише албай келет. Бул жөнүндө КРсында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасында да: «Азыркы

Кыргызстандагы тил саясатында мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселеси абдан курч бойдон калууда» – деп ачык белгиленген.

Кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары толук кандуу иштеши үчүн негизги анын эки шарты болуусу зарыл. Биринчи кыргыз тилин коомдун бардык чөйрөлөрүндө негизги каражат катары толук жана активдүү колдонуу. Экинчи, кыргыз тилин окутуу-үйрөтүү иштерин азыркы суроо-талаптарга ылайык жаңы деңгээлге көтөрүп, окутуунун натыйжалуу технологияларын иштеп чыгып, үйрөтүү процессинде колдонуу.

Изилдөөнүн максатына ылайык **изденүүчү экинчи шартка гана токтолот.** Кыргыз тилин эне тили, экинчи тил жана чет тили катары окутуунун заманбап технологиялары, инновациялык, интерактивдүү методдору ж.б. иштелип чыгып, практикага киргизиле баштады. Кыргыз тилин компетенттүүлүккө негиздеп окутуу, инсанга багыттап окутуу, деңгээлдер боюнча окутуу сыяктуу жаңы парадигмалар аныкталып, пайдаланууга **сунушталган.** Бул жана башка проблемаларга арналган методист-окумуштуулар Б. Акматов, К. Биялиев, К. Добаев, А. Мукамбетова, Ү. Култаева, У. Камбаралиева, С. Рысбаев, В. Мусаева, Ж. Чыманов ж.б. эмгектери талданган. Диссертацияда кыргыз тилин орто мектептерде эне тили катары окутуунун натыйжалуулугун арттыруунун маанилүү дидактикалык шарты катары кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутууну кеңири жайылтууну жана өркүндөтүүнү баса белгилешкен.

2. Диссертацияда проблеманын изилдениш абалында кыргыз тилин кыргыз адабияты менен окутуу процессинде азыркы учурда төмөнкүдөй карама-каршылыктар орун алып жаткандыгы аныкталган:

- Тил жана адабият бириктирилип, «филология» деп аталып келгенине карабастан, кыргыз тили менен кыргыз адабиятын интеграциялап окутуу практикада кеңири колдонулбай келет;

- Кыргыз тилин окутуунун методикасы менен кыргыз адабиятын окутуунун методикасында аталган предметтерди интеграциялоонун зарылдыктары толук таанылса да, теориялык жана практикалык бир катар маселелер чечиле элек;

- Кыргыз тили сабагында көркөм тексттер кеңири колдонулат, бирок алар грамматикалык материалдарды гана өздөштүрүүнүн каражаты катары кызмат кылат.

Аныкталган карама-каршылыктарды жоюу максатында изилдөөнүн темасын «Жогорку класстарда кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуунун дидактикалык негиздери» деп алууга негиз болгон.

**3.Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы:** диссертацияда изилдөөдөн алынган натыйжалар, чыгарылган тыянактар изденүүчүнүн өзүнүн жана кесиптештерининин практикалык сабактарында колдонулган. Изилдөөнүн мазмуну боюнча илимий конференцияларда баяндамалар окулган. Кафедранын жыйындарында талкууланып, ачык сабактар өтүлгөн. Ош, Баткен, Жалал-Абад областарында болгон семинар тренингдерде талкууга алынып, Республикалык жана чет өлкөлүк басылмаларда макалалар жарыяланган.

**Диссертацияда коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутууну уюштуруу үчүн төмөнкү шарттар аткарылышы зарыл: а) кыргыз тили менен кыргыз адабиятынын изилдөө объектилерин, жакындыгын, жалпылыгын аныктап алуу; б) интеграцияланган предметтерди изилдөөнүн, окуп-үйрөнүүнүн бирдей же жакын методдорун колдонуу; в) сабакта жетектөөчү идея катары кыргыз тили пикир алышуунун негизги каражаты жана көркөм чыгарманын курулуш материалы болуп алынышы зарыл.

2. Филологиялык түшүнүктөрдүн кыргыз тил илиминде жана кыргыз адабият таануу илиминде изилдеништерин жалпылаштыруу аркылуу аларда окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө, текст талдоого, текст түзүүгө, көркөм чыгарманы талдап түшүнүүгө багыттоодо аталган предметтерди интеграциялап окутуу зарыл дидактикалык шарт болуп эсептелет.

3. Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуунун салттуу жана интерактивдүү формалары, каражаттары жана ык-жолдору.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:** . Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга шайкеш каралып, анын дидактикалык негиздеринин иштелип чыгышы, интеграциялап окутуунун максаты, милдеттери менен мазмуну аныкталып, окутуунун формалары, каражаттары жана ык-жолдорунун аныкталышы менен түшүндүрүлгөн.

**4. Изилдөөнүн практикалык баалуулугу**: **Изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** изилдөөдөн алынган натыйжалар жыйнактарда, журналдарга жарыяланган. Бардыгы жыйналып 10 эмгек жарык көргөн .

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуунун теориядагы жана практикадагы маселелери изденүүчү тарабынан өз алдынча **каралган.** Корутундулар, практикалык сунуштар илимий-методикалык эмгектерге таянуу менен изденүүчү тарабынан жекече **иштелген.** Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялоодо көркөм текстти колдонуунун ык-жолдору жана аларга карата иш планынын үлгүлөрү өз **алдынча каралган**. Алынган натыйжалар, сунуштар боюнча сабактар изденүүчүнүн өзү тарабынан өтүлгөн жана сунуш кылган үлгүлөрү менен педагогикалык эксперименттик текшерүүчүлөрдөн

өтүп, алынган жыйынтыктар боюнча иштин мазмунуна толуктоолор изденүүчү тарабынан өз алдынча иштелип чыккан.

**Автореферattын диссертациянын мазмуну менен дал келиши:**

Диссертациялык иш киришүүдөн, 10 **бөлүмдү** камтыган үч баптан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан турат. Жалпы көлөмү – 162 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 158, таблицалар – 15, сүрөттөр –6, тиркемелер – 1(сүрөт–2). Автореферattын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес. Автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

Биринчи, айрым теориялык маселелерге, атап айтсак, окутуунун дидактикалык принциптерине көбүрөөк орун берилген.

Экинчи, кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутууда практикалык-колдонмолук маанисин терендетип ачып берүү керектей.

Үчүнчү, стилистикалык, орфографиялык жана пунктуациялык айрым мүчүлүштүктөргө жол берилген.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Халилова Турдугүл Ташполотовнанын “ Жогорку класстарда кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуунун дидактикалык негиздери” деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Халилова Турдугүл Ташполотовна 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен

методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2020-жылдын 8-июнунда (№20-протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1.Сакиева С.С.– педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2.Токтогулов С.Т.– педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. (13.00.01);
3.Ураимов К.М. – педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
4.Найманбаев М.Ж.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5.Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
6.Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
7.Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
8.Халдарова Ы.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
9.Нусупова Р.С. .– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
10.Ажыбаева З.А.–филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01)

Отурумдун төрагасы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

*Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.*

*Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,*
*педагогика илимдеринин кандидаты* *Р.С. Нусупова*

КАНЦЕЛЯРИЯ

Дата поступления отзыва в ДС 13.18.580 16.06.2020 г

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ